Ош облустук коомдук-саясый гезити


www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№19 [17015] ИШЕМБИ, 27/06/2026

ӨЗБЕКСТАНДЫН ЭКИ АЙЫЛЫ ЖАШООЧУЛАРЫ МЕНЕН КОШО КЫРГЫЗСТАНГА ӨТТҮ



2-бетте

НООКАТ АЙМАКТЫК ООРУКАНАСЫ – КАЛКТЫН ДЕН-СООЛУГУНА КАМ КӨРӨТ



4-5-беттерде

ЭМГЕКТИ КОРГОО МАМЛЕКЕТТИН НЕГИЗИ



2-бетте

Колледждерге кабыл алуу 6-июлда, ЖОЖдорго 13-июлда башталат



2-бетте

САНАРИПТИК ТУЗАК



3-бетте

“Ош жаңырыгы” сиздер менен!

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын II жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Аманкан Кенжебаев Алай жана Өзгөн райондорунун тургундары менен жолугушту



Өтүп бараткан жумада КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев Алай жана Өзгөн райондорунун тургундары менен жолугушту. Анда облус башчысы элдин көйгөйлөрүн жеринде угуп, социалдык-экономикалык өнүгүүгө байланышкан маселелерге токтолду.

Алай районунда өкүлдүн эл менен жолугушуулары Гүлчө шаарында, ошондой эле бир катар айыл аймактарында уюштурулуп, тургундар тарабынан жол, ирригация, таза суу, социалдык объектилердин абалы жана жер маселелери боюнча суроолор көтөрүлдү. Аманкан Кенжебаев жарандардын ар бир кайрылуусу тиешелүү мекемелер тарабынан каралып, мыйзам чегинде чечүү жолдору иштелип чыгарын белгиледи.

Өзгөн районунда өткөн жолугушууларда да жергиликтүү тургундар аймакты өнүктүрүүгө байланышкан сунуштарын жана көйгөйлөрүн айтышты. Айрыкча инфраструктураларды жакшыртуу, социалдык кызматтардын сапатын жогорулатуу жана калктын жашоо шартын жакшыртуу маселелерине көңүл бурулду. Жолугушуулар райондун бир нече айыл аймактарында өткөрүлүп, өкүл эл менен түз баарлашуу форматында пикир алышты.

ЭМГЕКТИ КОРГОО МАМЛЕКЕТТИН НЕГИЗИ



Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров "Эмгекти коргоо жөнүндө" мыйзамды колдонууга киргизди.

Мыйзамдын кабыл алынышы Кыргызстан кесиптик бирликтер федерациясы тарабынан демилгеленип, эмгек министрлиги менен бирге жумушчу топ түзүлүп, иштелип чыккан долбоор Жогорку Кеңешке сунушталган. Ошонун натыйжасында аталган мыйзам парламент тарабынан 2026-жылдын 22-апрелинде бекитилген. Жаңы редакциядагы мыйзам эмгек ишмердүүлүгүндө жарандардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо боюнча Конституциялык укуктарын ишке ашыруунун укуктук негиздерине кепилдик бере алат.


Кабыл алынган мыйзамдын проритеттүү максаты – жумушчулар менен жумуш берүүчүнүн ортосундагы эмгекти коргоо боюнча мамилелерди жөнгө салуу жана коопсуз жумуш шарттарын түзүүгө талап коюучулукту бекемдейт. Жогорудагы аталган шарттарга байланыштуу жумушчулардын өмүрүн жана ден соолугун сактоонун кепилдигине ылайык келиш керек.

Ошондой эле мыйзамда эмгекти коргоо боюнча нормалар мурдагы эмгек кодексинен алынып салынган. Ал эми жаңы редакциядагы Эмгек Кодекси 2025-жылдын 23-январында күчүнө кирген. Мыйзам негизинен 2004-жылдагы эмгек кодексине ылайыкташтырылган.

Жалпысынан алганда, бул мыйзам эмгек коопсуздугун камсыз кылуу боюнча нормалардын жана стандарттардын сакталышын көзөмөлдөөгө ыңгайлуулук түзөт. Жумуш берүүчүлөрдүн жоопкерчилигин жогорулатууну камсыздоого багытталган.

Ысманалиев Акылбек Абдыкахарович
Кыргызстан Кесиптик бирликтер федерациясынын Ош шаары жана облусу боюнча өкүлү

Өзбекстандын эки айылы жашоочулары менен кошо Кыргызстанга өттү



Өзбекстан менен чек араны демаркациялоо маалында мурда Өзбекстанга тиешелүү болуп келген эки айыл жашоочулары менен кошо (болжол менен 2500 адам) Кыргызстанга өттү. Бул тууралуу президенттин басма сөз катчысы Аскат Алагөзов билдирди.

«Айылдар – мурда Фергана облусуна караштуу болуп келген Чоңгара жана Таш-Төпе айылдары. Бул айылдарда этникалык кыргыздар жашайт. Эми бул эки айылда каттоо иштери жүрүп, жашоочуларына Кыргызстандын жарандыгы берилет.

Бул айылдардын ордуна кыргыз тарап Өзбекстанга чек ара тилкесинен теңме-тең жер бердик. Мындан сырткары, Сай айылынан Таян айылын көздөй жол салууга 236 гектар теңме-тең жерлер алмашылды.

Кудай буюрса, мындан ары баткендиктер Айдаркенден Баткенге чейин 225 километр жол басып айланып жүрбөй, Сай айылынан Таян айылы аркылуу Баткенге чейин 55 километр жол жүрөбүз», - деди Алагөзов.

Колледждерге кабыл алуу 6-июлда, ЖОЖдорго 13-июлда башталат

Кыргызстандагы жогорку окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алуу 13-июлдан башталат.

Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин маалыматына ылайык, студенттерди кабыл алуу мурдагыдай эле Жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыгынын негизинде жүргүзүлөт. Искусство, дене тарбия жана спорт багыттары үчүн бул талап колдонулбайт.



Быйыл ЖОЖдорго тапшыруу үчүн босого упай өзгөрбөйт. Абитуриенттер документтерин «Абитуриент Online» платформасы аркылуу онлайн тапшыра алышат. Чет өлкөлүк жарандар үчүн өзүнчө кабыл алуу борбору иштей баштады.

Ошондой эле 2026-жылдан тарта 11-классты аяктаган бүтүрүүчүлөр колледждерге да ЖРТнын жыйынтыгы менен кабыл алынат.

Ал эми 9-классты бүтүргөндөр күбөлүгүнүн негизинде тапшыра алышат.

Белгилей кетсек, орто кесиптик окуу жайларына кабыл алуу 6-июлдан тартып башталат.

Абдужапар уулу Канатбек:

“МАНЖУРЧА МААЛЫМАТТАР - МААНИЛҮҮ БУЛАК”

(башталышы мурунку санда)

-Жанагы жазылган каттарга Кытай императору тарабынан эмне деген жооп берилет?

- Цин императору менен Ирдана бийдин экөөсү келишимге келет. Экөө тең Фергана өрөөнүндө эки жактан кыргыздардын таасирин жоготууга аракет жасашкан. Башкача айтканада алар кыргыздардын биригишин каалашкан эмес. Бул нерсе бир гана Ирдана бий үчүн эле пайдалуу болгон эмес. Ошол эле учурда кыргыздардын чачыранды болуп турушу Цин бийлиги үчүн да пайдалуу болгон. Анткени Адигине бирикмесинин башында турган Ажы бий Цин империясына козголоңду уюштуруп турган кожолорду тикелей болбосо да кыйыр түрүндө колдоп турган. Анан албетте бул нерседен кабардар болгон Цин императору Ирдана бийди колдогон. Анын айынан Ажы бий бийлеген кыргыздар Фергана аймагынан сүрүлүп олтуруп, тоо этектерине жайгашып калгандыгын маалыматтардан көрүүгө болот. Бир убактарда Ирдана бий Ошту да басып алган. Бирок кийин кыргыздар кайра кайтарып алышат. Бул тууралуу мен ОшМУнун жарчысынан чыккан макаламда кеңири жазганмын. Сайтында да бар. Каалоочулар “Ошмунун жарчысы тарых” расмий сайтына кирип макала менен кеңири таанышса болот.

- Ыңгайы келээри менен биз да окурмандарыбызды ошол тарых бүктөмдөрүндө жаткан кызыктуу фактылар менен тааныштырабыз.

- Сиздерге алдын ала ырахмат. Манжурча үйрөнүп баштагандан бери Ажы бий тууралуу бир топ маалыматтарды изилдедим. Чындыгында кытайларда жогоруда белгилеп өткөнүбүздөй кыргыздар тууралуу маалыматтар миндеп саналат. Тек гана аларды терең изилдөө үчүн эң биринчи албетте убакыт талап кылынат. Анан байыркы кытай, манжур тилдерин жакшы билүү керек. Ар бир кол жазманын түшүнүү үчүн түзүк эле убакыт талап кылынат. Ошентип олтуруп сапаттуу бир макала жазуу үчүн айлап, жада калса жылдап убакыт талап кылынат. Мындан тышкары котормо иштери менен деле алектенип жатамын. Анан жакында эле “Манас” эл аралык университетинде докторлук диссертациямды жактадым. Ошол докторлук ишимде кытайлык тарыхчылардын кыргыздар тууралуу эмгектерин изилдедим.

- Канат мырза, акыркы учурда тарыхый токумачылык, б. а. болбогон нерсени болгон, жок нерсени бар кылып жазгандар, айткандар аябай көбөйүп кетти. Мисалы Кытайда кыргыз тили ырасмий тил болгон деп жазгандар да болду окшойт.

- Андайларга тек гана башыңды чайкап күлкүң келет. А илим тактыкты талап кылат


- Кытайда мамлекет тарабынан илим, билимге кандай көңүл бурулган?

- Өзүңүздөргө маалым болгондой, Кытай азыр аябагандай өнүгүп жатпайбы. Илимге, билимге өтө мыкты колдоо көрсөтүлөт. Илим жолундагыларга да жогорку деңгээлде колдоо көрсөтүлөт. Кубандырганы бизде да илим, билим тармагын колдоо жаатында Президентибиз Садыр Жапаров тарабынан жакшы иштер башталды. Президентибиз тарыхты изилдөө үчүн “Мурас” коомдук фондун каржылоого жардам берип жатат. Мугалимдеribиздин айлыгы көтөрүлдү. Буйруса бул нерселер келечекте өз натыйжаларын берет деген ишеничтемин.

- Канат мырза, кеп соңунда убакыт бөлүп биз үчүн маек куруп бергениңизге терең ыраазычылык билдиребиз. Илимиңизге, иштериңизге ийгилик каалайбыз.

- Сиздерге да чоң ырахмат.

Маектешкен:
Нуркамил Абдуллаев,
Ноокат району



САНАРИПТИК ТУЗАК

Каржылык алдамчылардан кантип коргонуу керек?

Бүгүнкү күндө санариптик технологиялар өнүккөн сайын, арам ойлуулардын ыкмалары да кыйла кылдат жана куулук менен иштелип чыгууда. Мурунку жөнөкөй СМСтердин ордуна Улуттук банктын кызматкерлеринин атынан жасалган жасалма чалуулар, ири коммерциялык банктардын робот-жардамчылары, төлөм үчүн жасалма QR коддор жана маркетплейстерде же социалдык тармактарда оңой акча табууну убада кылган азгырыктуу сунуштар келүүдө.

Каржылык алдамчылыктын курмандыгы болбоо жана топтооңузду коргоо үчүн заманбап кылмыштардын негизги схемаларын жана санариптик коопсуздуктун эрежелерин билүү зарыл.

Эмоционалдык капкан: коомдук инженерия деген эмне?

Алдамчылардын башкы куралы – бул хакердик программалар же банктык системаларды бузуп кирүү эмес. Алардын негизги куралы – психологиялык басым (социалдык инженерия). Алар адамды стресске киргизип, акыл-эси менен эмес, эмоциясы менен чечим кабыл алууга мажбурлашат.

Адистер чалуу же жазышуу учурунда алдамчылыкты дароо аныктоого жардам берген үч негизги белгини белгилешет:

• Жасалма дүрбөлөң жана шаштыруу. «Чечимди дал азыр кабыл алуу керек!», «Эгер азыр которбосоңуз, беш мүнөттөн кийин акчаңыз күйүп кетет же камакка алынат!» – кылмышкерлер адамды шаштырып, критикалык ой жүгүртүүсүн бөгөттөп коюшат.

• Өзгөчө купуялуулук режими. Сизден бул чалуу тууралуу эч кимге – жакындарыңызга да, банктын бөлүмүндөгү кызматкерлерге да айтпоону талап кылышат. Көбүнчө «тергөө купуялыгы» же «кылмыш жоопкерчилиги» менен коркутушат.

• Купуя маалыматтарды талап кылуу. Сизден СМС аркылуу келген бир жолку тастыктоо коддорун, картанын арткы бетиндеги үч орундуу CVC/CVV кодун же мобилдик банкингдин логин-паролдорун айтууну же шилтеме аркылуу киргизүүнү суранышат.

Коопсуздуктун алтын эрежеси: Сиз менен байланышкан адам өзүн ким деп тааныштырбасын – Улуттук банктын өкүлүбү, укук коргоо органдарынын кызматкериби же салык инспекторубу – эсиңизде болсун: банктын жана мамлекеттик органдардын аныктыгын кызматкерлери эч качан телефон аркылуу сиздин паролдоруңузду, СМС-коддоруңузду же картаңыздын толук реквизиттерин сурабайт.

Эң коркунучтуу үч заманбап схема

Санариптик төлөмдөр жана онлайн кызматтар өнүккөн сайын, төмөнкү үч тузак кеңири жайылууда:

1. «Коопсуз эсеп» же «Резервдик капчык» уламышы.

Сизге телефон чалып, сиздин атыңыздан бирөөлөр насыя (кредит) тариздөөгө аракет кылып жатканын же картаңыздан акча уурдалып жатканын айтышат. Андан соң, каражатты «сактап калуу» үчүн аны тез арада банктын атайын «резервдик же коопсуз эсебине» которууну сунушташат. Чындыгында, ал эсеп алдамчылардын өзүнө таандык болот жана акча которулган замат алар изин жашырышат.

2. Төлөмдөрдөгү жана QR-коддордогу куулук.

Бүгүнкү күндө QR-код аркылуу төлөө абдан популярдуу. Бирок, кылмышкерлер соода түйүндөрүндөгү, кассалардагы же коммуналдык квитанциялардагы түп нуска QR-коддордун үстүнө өздөрүнүн жасалма коддорун чаптап, алмаштырып коюшу мүмкүн. Натыйжада, акча дүкөнгө эмес, алдамчынын эсебине түшөт. Ошондой эле, интернет аркылуу товар сатып алууда сизге «төлөм жүргүзүү же жеткирүү кызматы» деп жасалма шилтемелерди (фишинг) жөнөтүшөт.

3. Жасалма инвестициялар жана маркетплейстердеги «жумуш».

Социалдык тармактарда белгилүү ири компаниялардын, мамлекеттик ишканалардын атынан (көбүнчө алардын логотиптерин жана жетекчилеринин сүрөттөрүн жасалма колдонуп) «жогорку жана кепилденген киреше» убада кылган жарнамалар каптап келет. Же болбосо, белгилүү маркетплейстерде товарларга «лайк» басып же сатып алып, кайра акчасын пайызы менен кайтарып алууну сунушташат. Башында аз суммада киреше көрсөтүп, ишенимге киришип, кийин чоң суммадагы акчаны алган соң платформаны жаап салышат.



Сиздин каржылык чебиңиздин беш эрежеси

Кылмыш хроникасынын же алданган жарандардын катарына кошулбоо үчүн, өзүңүздө төмөнкү пайдалуу адаттарды калыптандырыңыз:

1. Чалууну дароо токтотуңуз. Эгерде телефондон сизге шектүү же коркунучтуу маалымат айтылып, шаштыра баштаса, сүйлөшүүнү дароо үзүңүз. Өз алдынча банкыңыздын расмий номерине чалыңыз (ал номер ар дайым төлөм картаңыздын арткы бетинде же расмий сайтта көрсөтүлгөн).

2. Алуучунун маалыматын текшериңиз. QR-код же электрондук капчык аркылуу төлөмдү тастыктоодон мурун, телефондун экранын кунт коюп караңыз: алуучунун аты-жөнү же соода түйүнүнүн аталышы сиз төлөп жаткан субъектке дал келеби?

3. Виртуалдык карта колдонуңуз. Интернетте соода кылуу же кызматтарды төлөө үчүн негизги картаңызды эмес, тиркемеден ачылган өзүнчө виртуалдык картаны колдонуңуз. Анда ашыкча каражат кармабай, балансты нөлдө сактаңыз жана акчаны дал төлөр замат гана керектүү суммада которуңуз.

4. Техникалык коргоону күйгүзүңүз. Банктык тиркемелерге жана социалдык тармактарга татаал, кайталанбаган паролдорду коюңуз. Сөзсүз түрдө эки факторлуу аутентификацияны (кирүүнү СМС же атайын тиркеме аркылуу кошумча тастыктоону) активдештириңиз.

5. Текшерилбеген шилтемелерге кирбеңиз. Сизге белгисиз номерлерден же мессенджерлерден келген «утуш утуп алдыңыз», «акысыз белек» же «айып пулду текшерүү» деген сыяктуу шектүү шилтемелерди (ссылка) баспаңыз.



Эгерде кокустан алданып калсаңыз, эмне кылуу керек?

Эгер сиз картанын маалыматтарын алдамчыларга берип койгонуңузду же акча которгонуңузду түшүнсөңүз, ар бир секундду эсепке алып, тез арада аракеттенүү зарыл:

• Картаны дароо блоктоңуз. Муну күтпөстөн банкыңыздын мобилдик тиркемеси аркылуу өз алдынча кылыңыз же тез арада банктын күнү-түнү иштеген колдоо кызматына (Call-борборуна) чалыңыз.

• Паролдорду алмаштырыңыз. Банктын жеке кабинетинин жана ага байланган электрондук почтаңыздын кирүү паролдорун тез арада жаңылаңыз.

• Банкка жана укук коргоо органдарына кайрылыңыз. Операцияга макул эместигиңиз тууралуу банкка расмий билдирүү (арыз) жөнөтүңүз. Андан соң, укук коргоо органдарына (милицияга) бардык далилдерди (чектер, телефон номерлер, жазышуулардын скриншоттору) тиркеп, токтоосуз түрдө расмий арыз менен кайрылыңыз.

Каржылык кыраакылык – бул ашыкча шектенүү же паранойя эмес, заманбап санариптик дүйнөнүн зарылчылыгы. Маалыматты текшерүүгө бир гана мүнөт убактыңызды бөлүңүз, ошондо эмгегиңиз менен тапкан каражатыңыз жана үй-бүлөлүк тынчтыгыңыз коопсуздукта болот.

НООКАТ АЙМАКТЫК ООРУКАНАСЫ –

КУТТУКТОО!

Урматтуу Ноокат аймагынын ооруканасынын жалпы медициналык жамааты жана ҮБМБнун жана ҮБМТнун медицина кызматкерлери сиздерди медицина кызматкерлеринин күнү менен куттуктаймын! Ар дайым денсоолуктун сакчылыгында үзүрлүү эмгектенип, салымыңыздарды кошо бериңиздер.

Саламаттыкты сактоо тармагында эмгектенип жаткан медициналык кызматкерлер, денсоолугуңуздар ар дайым бекем болсун, кесибиңиздерди аздектеп сүйүп, медицина тармагына үлүшүңүздөрдү кошо бериңиздер! Үй-бүлөңүздөрдө тынчтык, аманчылык болсун,кесиптик майрамыңыздар менен куттуктаймын!

Өзүмдүн жана жалпы эле медицина кызматкерлеринин атынан Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевичке медицина кызматкерлерине көңүл бөлүп, айлык маяналарыбызды көбөйтүп бергенине ыраазычылык билдирип, ырахмат айтабыз.

Эшигин көрүп төрүнө өт

Ноокат аймактык ооруканасынын дарбазасынан аттап киргениңде эле,тазалыкка көз жүгүртөсүң. Узун кеткен жолдордун, тратуарлардын тазалыгына көңүлүндү бурасың. Анан калса, ар бир бөлүмдүн алдындагы түрдүү гүлдөр, дарыланып жаткан бейтаптарга дем, күч берип тургандай өңдөнөт.Медициналык кызматкерлер жана кенже медициналык кызматкерлер эртең менен гүлдөрдү отоо чөптөрдөн арылтышып, сугарышып астейдил карашат.Гүлдөрдүн кооздугу, сулуулугу ооруканага көрк берип турат. Дарыланып жаткан айрым адамдар, оорукана эмес, курорт деп айтышат.





Биз Ноокат аймактык ооруканасынын башкы директорунун орун басары Эртабылды Көккөзов менен баарлашып, ооруканадагы айрым бөлүмдөрдөгү дарыгерлердин иштери менен таанышуу үчүн багыт алдык.


Калайык калктын ден-соолугун сактоодо, ооруну алдын алууда, эл менен тыгыз иштөөдө медицина кызматкерлеринин эмгеги баа жеткис.

Ноокат шаарынын жана райондун жашоочуларына сапаттуу медициналык жардам көрсөтүүдө ооруканын орду чоң. Саламаттыкты сактоо мекемеси жыл сайын миңдеген бейтаптарды кабыл алып, алардын ден- соолугун чыңдоого багытталган кызматтарды көрсөтүп келаткандыгын айтып кетүүгө болот. Аймактык ооруканада тажрыйбалуу дарыгерлер жана орто медициналык кызматкерлер замандын талабына жараша калкка медициналык жактан жардам көрсөтүшүүдө. Дарылоо, алдын алуу жана кеңеш берүү кызматкерлеринин сапатын жогорулатуу боюнча иштерди тынымсыз жүргүзүшүп келишүүдө.

Материалдык-техникалык базасы чыңдалууда

Ооруканын директору Азимбаев Кубат Арыновичтин медициналык мекеменин материалдык-техникалык базасын чыңдоодо, бөдүмдөрдү жаңылоодо,капиталдык ремонттоодо, медициналык жабдуулар менен камсыздоодо бир катар иштер аткарылгандыгын баяндап берди. Азыркы учурда чоңдор жандандыруу бөлүмүн оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп жатат. Ооруканын ар бир бөлүмүндө кепилдик программасы илинген. Ал эми дарыгерлердин ишин жеңилдетүү үчүн ар бир бөлүмдө компьютерлер интернетке туташтырылган.

Ноокат аймактык ооруканасында 605 койкага ылайыкташтырылган 20 бөлүм бар, анын ичинен 3 бөлүм- неврология, ангионеврология жана реабилитация бөлүмдөрү Зулпуев айыл аймагында, тери венерология, кардиология бөлүмдөрү мурдагы кургак учук диспансеринин имаратында жайгашкан, 16 бөлүм райондук ооруканада. Мындан сырткары 6 бөлүм Төөлөс, Кулатов, Көк-Жар, Жаңы-Ноокат, Кыргыз-Ата, Көк-Бел айыл аймагында жайгашкан жана Кеңеш айыл аймагынын Куу-Майдан айылында Көк-Бел ооруканасынын терапия бөлүмү иштеп жатат. Мындан сырткары 13 тез жардам пункттары иштейт.





Ноокат аймактык ооруканасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында төрөт бөлүмү жана төрөткө чейинки көзөмөл бөлүмдөрү, балдар бөлүмүнүн соматика, жандандыруу бөлүмү, кабыл алуу бөлүмү, балдар жугуштуу ооруулар бөлүмү, рентген кабинеттери, кардиология бөлүмүнүн коргону, ашканасы, от казандары ооруканын эсепканасынын имараты жана сынык-жарат бөлүмүнүн сыртындагы ажатканасы, аймактык ооруканын Көк-Бел бөлүмүнүн айнек терезелери, ооруканын көмүр сактоочу жайдын навеси жана суу алуучу мунарасы оңдоп түзөөдөн өткөрүлүп неврология бөлүмүнөн чыккан саркынды суулар топтолуучу чуңкурчанын айланасы тосулду.

Мындан сырткары КРССМ КР ФМ, КР Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай- коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги тарабынан Көк-Бел айылдык ооруканасынын 1952-жылы жыгачтан курулган терапия бөлүмүнүн эски имараты бузулуп, анын ордуна жаңы ооруканын имараты курулушуна 143 млн 800 миң сомдук сметасы түзүлүп, акча каражаты Республикалык бюджеттен бөлүнүп, ОсОО “АН” Ош курулуш компаниясы тарабынан курулуш иштери аяктоо алдында турат.

Ошондой эле Көк-Жар айыл өкмөтүнүн Көк-Жар айылында 100 орундуу ооруканын, поликлиниканын имаратын куруу боюнча 2020-жылы 6-августта “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдындагы Турак жай жарандык курулуш департаментинин Ош облустук капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан 200806238634145 номеринде келишим түзүлгөн күндөн баштап 27 ай мөөнөттүн ичинде жумушту аяктоо талабы менен бир этаптуу (эки пакеттик ыкма) ыкмасынын негизинде конкурс жарыяланган. Аталган конкурска 5 ишкана катышып алардын ичинен “Дельта-Лот” ЖЧКму 153317577 сомго утуп алып 2020-жылы жумушун баштап, бүгүнкү күндө курулуш иштери жүргүзүлүүдө..

Хирургия бөлүмү

Ноокат аймактык ооруканасынын хирургия бөлүмүнүн башчысы, Абакир уулу Бактыбек.жогорку окуу жайын аяктап келгенден бери хирургия бөлүмүндө эмгектенип келе жатат. Бөлүмгө ар кандай илдетке чалдыккан бейтаптар келишип,дарыгерлердин колдорунан операция болушуп,аз эле күндүн ичинде айыгышып кетишүүдө.Көп жылдык тажрыйбалуу,дарыгер-хирургдардын бири, Марип Ташиевдин эмгегин өзгөчө айтып кетүүгө болот. Ал хирургия бөлүмүнө жогорку окуу жайын бүтүп келгенден бери тынымсыз эмгектенип келе жатат.Канчалаган оор жана жеңил операцияларды жасады, күнү-түнү тыным албады. Оорулуу адамдын денсоолугун сактоо үчүн күрөштү.

1981-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун бүткөндөн бери, Ноокат аймактык ооруканасынын хирургия бөлүмүндө дарыгер-хирург болуп эмгектенип келатат.Иштеген ишинин акыбети кайтып, 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин «Мыктысы төш» белгиси, 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, 2011-жылы Ноокат шаарынын 4-чакырылышынын депутаты, 2021-жылы Кыргыз Республикасынын «Эмгек сиңирген» дарыгери наамына татыктуу болгон.2022-2023-жылдары Ноокат аймактык ооруканасынын директору болуп иштеген. Азыркы мезгилде болсо, хирургия бөлүмүнүн дарыгер-хирургу болуп эмгектенүүдө.Көптөгөн жаштарга операция жасоонун татаал жолун үйрөттү.Учурда хирургия бөлүмү жаштар менен толукталган. Заирбек Эргешов,Косо оглы Гүлпаша,Бакыт Жороев, Мухаммед Абибиллаев, Ибрагим Арапов, Абдусатар Касымов жана башкалар эмгектенишет.Улуу медайым Айтбү Жолдошованын медицина тармагына кошкон салымы чоң, өмүрүнүн көбүн ушул ооруканада эмгектенип өткөрдү.Дарыгерлердин бейтаптарга жазган рецеби боюнча, акысыз дары-дармек берет.

Хирургия бөлүмүндө 35 керебет бар.6 хирург-дарыгер, 16 медайым, 12 кенже медайым сыркоолоп келгендерге кам көрүшөт. Бейтаптар үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Ийне сайуу бөлүмү, ашкана жана ажаткана бар.Хирургия бөлүмүндөгү палаталар толугу менен капиталдык ремонттон өткөрүлгөн.Мапароскопия деп аталган жаңы аппарат менен бейтаптарга операция жасашууда.



КАЛКТЫН ДЕН-СООЛУГУНА КАМ КӨРӨТ

Сынык-жараат бөлүмү

Ооруканандын сынык-жараат бөлүмүн Бабакулов Рахат Калдарбаевич жетектейт.

Рахаттын атасы Калдарбай Бабакулов да мындан көп жыл мурда ушул ооруканада эмгектенгенин аны билген көргөн замандаштары жакшы билишет.Атасынын кесибин уланткан уулу Рахат мырза, медициналык жогорку окуу жайын бүтүп келгенден бери тынымсыз эмгектенип келе жатат.

Бөлүмгө авариядан жабыр тарткандар, күйүп калгандар, жыгылгандар жана ар кандай кырсыкка кабылгандар кайрылышат. Учурда, бөлүмдө 8 дарыгер, 16 орто медициналык кызматкерлер 12 кенже кызматкерлер иштешет. Акыл Асанбаев, Чынгыз Эгембердиев,Нурсултан Бабакуловтор өзүнүн кесибин мыкты билген тажрыйбалуу дарыгерлер. Ал эми жаш дарыгерлердин катарына, Нуркамил уулу Илияз, Шарабидин уулу Нурбек, Абазали уулу Мамадияр ж.б. кошууга болот. Бөлүмдүн улуу медайымы Нургүл Надированын медицина тармагында эмгектенгенине 20 жылдын жүзү болуп калды. Ооруп жаткан бейтаптарга дары-дармектерди бекер беребиз дейт,- Нургул Каримбаевна.





Бүзира Бакирова, Жылдыз Шакирова, Салайдын кызы Роза жана башкалар кесиптерин кастарлап, бейтаптарга аяр мамиле жасап, күнү-түнү саламаттыкты сактоо тармагында үзүрлүү эмгектенишип келишүүдө. Ошондой эле тазалыкты сактаган, кенже кызматкерлердин да эмгеги мактоого татыктуу.Ал эми жалпы эле ооруканандын бейтаптарына даамдуу үч маал ысык тамак берген ашпозчуларына да бейтаптар ыраазычылыгын билдиришип, ыракмат айтышты. Сынык- жараат бөлүмүндө 41 керебет бар. Дарыгерлер сыркоолоп келген бейтаптарды дарылап,алардын өмүрүнө өмүр улап, ден- соолук каалашып, үйлөрүнө узатышат.

Төрөт бөлүмү

Төрөт бөлүмүн Матраимов Автандил Абдисатарович жетектейт. Бөлүмдө 9 акушер-гинеколог, 3 неонатолог, 1 анестезиолог, 36 орто медициналык кызматкерлер, 15 кенже кызматкерлер эмгектенишет.Төрөт бөлүмүндө көп жылдан бери иштеген дарыгерлердин катарына Аида Муратованы айтууга болот. Ал жамаат арасында урмат-сыйга татыктуу, жогорку категориядагы дарыгер. Кош бойлуу аялдарды төрөтүү, күнүмдүк жумушу болуп калган. Орто эсеп менен алганда, күнүнө 10дон ашык аялды төрөтүшөт. Эмгегинин акыбети кайтып, ооруканандын администрациясы



тарабынан, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын, Ош облусттук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Төрөт бөлүмүндө Гүлжамал Анарбаева, Гүлзат Каразакова, Абдыганы кызы Айжан, гинекология бөлүмүнүн дарыгери Нурмухаммед Акматов, Айчүрөк Айтибаева, Базарбай кызы Чолпон, Кубанычбек кызы Айжамал, Майрам Хайдаралиевалардын ысымдарын сыймык менен атоого болот.

Беш айдын ичинде он аял эгиз перзенттүү болушту.

Төрөт бөлүмүнүн улуу медайымы, Айнура Тешебаеванын эмгектенгендигине бир топ жылдын жүзү болуп калды. Ал дарыгерлердин уруксаты менен кош бойлуу аялдарга жана төрөттөн кийинки аялдарга дары-дармектерди акысыз берип турат.Дарыгер Аида Муратова аялдардагы аз кандуулук боюнча мындай дейт. Аз кандуулук боюнча кыздарды кыз кезинен баштап, дарыгерге көрсөтүп, кеп- кеңеш алуу зарыл. Бойго жеткенде, турмушка чыгаруудан мурда кыздардын ден-соолугуна кам көрүү, энелердин милдети болуп эсептелет. Айрым аялдар, Россияда миграцияда жүрүп,боюнда болгон мезгилде келишип кечигишип каттоого турушат, дары-дармектерин өз убагында ичишпейт.

Төрөт бөлүмүнө тынчсыздандыруу баскычы коюлган.Ар бир палатага суу киргизилген. Төрөт залында көп функционалдуу кереветтер коюлган.Демек, кой бойлуу аялдар үчүн бардык шарттар жетиштүү.Неонатолог-дарыгер Кандалат Надирова, анестезиолог-дарыгер Манзура Абдуллаева, Толкун Абдураимов, умай энелер Кадыр кызы Динара, Дилбар Миңбаева, Бүайша Мурзалиева, Кандалат Абдыракманова, медайымдардан, Назипа Сулаймано-



ва, Айзада Курбанбаева, Дилбар Калмуратова, кенже кызматкерлерден, Жанан Тургунбаевалар өз кесибин мыкты билген инсандар.

Кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүү бөлүмү

Ар кандай оору менен сыркоолоп келген бейтаптар адегенде, кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүү бөлүмүнө келишип, дарыгерлердин көзөмөлүндө болушат. Алар оорулуу адамдарга тез жардам көрсөтүшүп,анализин алышып, дары-дармектерди беришип, айыгып кетүүсүнө жардам беришет.

Бөлүмдүн башчысы Бектурсун Эсенов ар бир бейтапка ынтаа коюп, астейдил карайт.Айрыкча, кан басымы көтөрүлүп кеткен бейтаптарга шашылыш түрдө дарыларды куюп, тез жардам көрсөтөбүз, жакшы болуп калгандан кийин тиешелүү бөлүмдөргө жиберебиз, андан ары дарыланышып чыгышат дейт,- Бектурсун мырза.

Бейтаптар сыркоолоп келген күнү эле анализдери алынып,лабораторияга тапшырылат. Медициналык аппараттарга түшүрүлөт. Бөлүмдө 40тан ашык медициналык кызматкерлер эмгектенишет. Атай кетсек, Камбаридин уулу Замирбек, Мамытбек Турдуев, Акжол Алмазбеков, ал эми түнкү күзөттө эмгектенгендердин катарына Жоомарт Абдувапов, Залкар Мамытов, Жаңыбай Абдыкааров, Бактияр уулу Эрлан, Рухия Салижанова, Байэл Абдыразаков,Автандил Дүйшеев, улуу медайым Манзура Маккамбаева, медайымдар Гүлбахар Нуридинова жана башка кызматкерлердин аттарын сыймык менен атоого болот.

Терапия бөлүмү



Терапевт бөлүмүндө көп жылдык дарыгерлик кесипте эмгектенген, өз кесибин мыкты билген, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоонун «Мыкты төш» белгисинин ээси, жогорку категориядагы дарыгер, көптөгөн Ардак грамоталардын жана сыйлыктардын ээси, Имарова Ирсалат Имаровнаны айтууга болот. Дарыгер катары, жакшы сөзү менен көптөгөн бейтаптарды айыктыргандыгына күбө болдук. Райондун аймагында жашашкан көпчүлүк адамдар, Ирсалат Имаровнадан дарыланышып, дасыккан, тажрыйбалуу, мыкты дарыгер деп билишет. Көп жылдар боюу терапевт бөлүмүнүн башчысы болуп үзүрлүү эмгектенди. Бөлүмгө келген жаш кызматкерлерге өзүнүн кеп-кеңешин берип, аларды эл үчүн жакшы иштегиле, бейтаптарга сылык мамиле жасагыла,келечегиңер алдыда, билимиңерди жогорулатуу үчүн окугула деп жакшы кеңештерин берип келет.

Терапевт бөлүмүндө көп жылдан бери үзүрлүү эмгектенип келе жаткан, тажрыйбалуу дарыгерлердин катарына Нурлан Учкеевди атоого болот. Бейтаптарды дарылап, алардын алкышына арзыган Нурлан мырзанын да салымы чоң.

Азыркы учурда терапевт бөлүмүнүн башчысы Гүлира Садык кызы.Жогорку медициналык окуу жайын бүтүргөн, жогорку билимдүү дарыгер.Жаш дарыгерлердин катарына Залкар Мамытов, Байыш кызы Аксана, Кубатбек кызы Альбина, башкы медайым Дамира Пратова, ийне саюуу жана дарыларды убагында берген медайымдардын катарына көп жылдык тажрыйбалуу медайым, Галина Жээналиева,Жалила Мамрасулова, Ысакжан кызы Өлмас ж.б.медициналык кызматкерлердин эмгеги чоң.Терапевт бөлүмүнүн тазалыгын сактаган кенже кызматкерлердин эмгеги да мактоого татыктуу.

Исманалиев Жаныбек Акмадалиевич, ооруканандын башкы эсепчиси:

Ноокат аймактык ооруканасында эмгектенип жаткан жалпы эле медициналык кызматкерлерден тартып, «Тез жардам» кызматында иштеген айдоочулардын айлык акылары жогорулагандыгын айтып кетүүгө болот.

Башкы эсепчи Жанибек Акмадалиевич, медициналык кызматкерлердин эмгек акысын кечиктирбестен, өз убагында берүүгө аракеттенет. Өзүнүн ишин так билген, жоопкерчиликти сезген, эсеп-кысап ишине туура мамиле жасаган, кесипкөй ээси.

Эсепкана бөлүмүндө иштегендер үчүн ыңгайлуу бардык шарттар түзүлгөн.

Ооруканандын жана эсепкананын бөлүмдөрүндө капиталдык ремонттоо иштери жүргүзүлгөн.

Ооруканандын бардык бөлүмдөрүндө бейтаптар үчүн түзүлгөн шарттар,медициналык аппараттар бар экендигине кубанып кайттык.Бейтаптар дарыланып, шыпаа таап кетишине биз дагы тилектеш экендигибизди билдирдик.

Бурма Ысакова.

КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ ГЕНЕРАЛЫ

(башталышы мурунку сандарда)

Чыгыш-Түркстандын куралдуу күчтөрү 1950-жылдын январынд Кытай Элдик-Боштондук армиясынын 5-корпусуна киргизилип, командирлигине Фотий Лескин дайындалган.

1955-жылдын 1-октябрында Кытай Эл Республикасынын курамында Синьцзян-Уйгур Автономиялуу Району түзүлгөн.

Кытайдын келечек тагдыры аныктала турган тарыхый жыйынга бараткан делегациянын курман болгон мүчөлөрүнө арналган эстелик Кулжа шаарында тургузулган.

2014- жылы Кытай Эл республикасынын өкмөтү Ысакбек Монуевдин жакын тууганы катары мени Синьцзянга чакырып, мени коштоп жүргөндөр генералдын Кулжада ачылган музейи менен тааныштырып, анын Шинжаң элинин улуттук баатыры болуп санала тургандыгын, Ысакбек Монуевдин аскердик ишмердиги жөнүндө маалымат окуу китептерине киргизилгендигин айтып бериштиАнын өмүрү, баатырдыгы тууралуу жазылган китептер кыргыз, кытай, уйгур, казак тилдеринде жарык көргөндүгүн да кошумчалашты. Мен Кыргызстанда ааламдан эрте өткөн алгачкы кыргыз генералынын ысымы 2003-жылы Ош шаарындагы чоң көчөлөрдүн бирине жана Чо -Алайдын Нура айылындагы орто мектепке ыйгарылып, айкелдери орнотулгандыгын, ага арналган эскерүү кечелерине арналган иш-чаралар өткөрүлүп тургандыгын айтып бердим.

Калыстык үчүн айтып коюш керек, "Генерал Ысакбек" аттуу китептин автору Абдувахаб Монуев Кыргызстандын УККынын архивинен "Баатыр", "Буйгу" отряддарынын түзүлүшү, алардын согуш аракеттерин баяндаган кыскача маалыматтарды алууга жетишкен. Ошол китепте "1943-жылдын сентябрь айында Ысакбек Москвага жол алат. Андан кийинки жылы да барган экен. Эл арасында "Генерал Сталинге жолугуп, сүйлөшүп келген" деген аңыз сөздөр бар" деп жазылат.

*

Бул жерде кеп удулу келип турганда бир айта турган сөз бар. Генералдын Сталин менен түз байлашы болгондугун далилдеген бир топ далилдер, жагдайлар бар. Мисалга алсак, 1943-жылы жазында генерал Ысакбек Монуев СССРге качып өткөндө аны Алматыда Казак ССРинин жетекчилери тосуп алгандыгы, адегенде Өзбекстан КП БКнын биринчи катчысы Усман Юсупов баш болгон расмий делегация, андан кийин Кыргыз ССРинин КП (б) Борбордук Бомитетинин биринчи секретары Вагов Алексей Власович менен Кыргыз ССРинин Эл комиссарлор Советинин Төрагасы Төрөбай Кулатов экөө баргандыгы, Ысакбек Монуев 1943-жылдын жазында Советтер Союзуна качып өткөндөн кийин 2 айдан кийин советтик атайын кызмат Улуучат ооданында жашаган анын 30-40 түтүн туугандарын Эркечтам аркылуу түн жамынтып, СССРдин аймагына өткөрүп алгандыгы, 1950-жылга чейин өкмөттүн камсыздоосунда болгондугу Сталиндин көрсөтмөсү менен жүргүзүлгөндүгүнөн кабар берип турат.

Менин колумда СССР Министрлер Советинин Председатели И. Сталин менен СССР Министрлер Советинин Иш башкармалыгынын башкаруучусу М.Помазнев кол койгон СССР Министрлер Советинин 1950-жылдагы 13-апрелдеги №1531- токтомунун көчүрмөсү бар. Анда каза болгон Ысакбек Монуевдин үй-бүлөсүн материалдык жактан камсыздоо боюнча көрсөтмө берилген. Анын негизинде Ы.Монуевдин аялы Монуева Турганбүбүгө ай сайын 2000 рубль өлчөмүндөгү (өмүр бою), уулу Монуев Абдыкайым менен бир тууганы Монуев Термезге 750 рубль өлчөмүндөгү (жогорку окуу жайын бүткөнгө чейин) персоналдык пенсия төлөп берүү жана аялы Монуева Турганбүбүгө жана уулу Монуев Абдыкайымга Кыргыз ССРинин Министрлер Совети тарабынан 1943-жылы берилген Фрунзе шаарындагы үйдү участкасы менен бекитип берүү жөнүндө тапшырма берилген. Ошондон улам генерал Ысакбек СССРде да чоң аскерий чини болгонбу деген мыйзам ченемдүү суроо туулат. Бирок, биздин колубузда аны тастыктоочу расмий документтер жок. Келечекте аны да тактоо зарыл.

*

Телекөрүүчүлөрдүн эсинде чыгаар"ЭлТР" мамлекеттик телекомпаниясынын «Доор аяны» долбоорунда белгилүү журналист Султанбек Абдырахманов менен тарых илимдеринин кандидаты Бектемир Жумабаевдин ортосунда 2 бөлүктөн турган маеги жарыяланган. Анын жүрүшүндө окумуштуу Абдувахаб Монуевдин "Генерал Ысакбек" аттуу китеби тууралуу сөз болуп, автордун бул китебине генералдын өмүр-таржымалына кайрылган алгачкы саамалык катары баа берген.

Бектемир бул жагдайдан алганда казактар бизге караганда бир топ алдыга кеткендигин белгилеп өткөн. Анын айтуусунда 1944-жылдын 12-ноябрында Кулжада көз карандысыз Чыгыш Түркстан Республикасы түзүлгөн учур Чыгыш Түркстанда жашаган уйгур, казак, кыргыз, өзбек, монгол элдери үчүн улуттук-патриоттук духу көтөрүлгөн өзгөчө мезгил экендигин эске алып,казак жазуучулары ушул учурду чагылдырган бир нече тарыхый чыгармаларды жарыялашкандыгын белгилеп өткөн болчу. Анын эң кийинкиси «Шүүдүрүм» аттуу роман. Аталган көлөмдүү чыгармада генерал Ысакбек Монуев менен Алтай облусунун губернатору, коргоо министринин орун басары улуту казак Далилхан Сугурбаев менен болгон адам катары бекем достугу, алардын боштондук үчүн болгон күрөштө биргелешкен эриш-аркак аскердик ишмердүүлүгү кеңири чагылдырылган.

Окумуштуу ошол берүүдө үч улуу державолардын ортосунда калган Чыгыш Түркстан Республикасынын, анын жетекчилеринин кайгылуу тагдыры тууралуу көпчүлүккө белгисиз көп жагдайларды айтып берген. Анын айтуусунда 1949-жылдын 27-августта Кулжадан Алматыга жөнөп кеткен ЧТРдин делегациясы Алматада кармалып, Омскиге, андан кийин Москвага жеткирилип, узак убакытка созулган суракка алынган. Аларга советтик жетекчилик тарабынан ЧТРди Кытай Эл Республикасынын курамына киргизүү сунушу айтылган. ЧТРдин жетекчилиги ага макул болгон эмес. Ошентип, Сталин менен Мао Цзе Дундун ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде ЧТР муунтулуп, анын жетекчилери советтик атайын кымат тарабынан көздөрү тазаланган. Кулжадагы элдин кыжырдануусун басуу үчүн 1950-жылы февралда гана сөөктөрдү ошол жерге алып келишкен.

Бектемир ошол берүүдө убакыт болсо ошол мезгилдеги Чыгыш Түрстандагы ички жана тышкы саясий кырдаалды эске алуу менен тарыхый шартка байланыштырып атайын китеп жазсам деген оюн айткан болчу. Бирок, өмүрү кыска экен, жаш кетти. 2014-жылдын 16-январында 54 жашында Бишкек шаарында улуттук госпиталда оорудан каза болуп, сөөгү Бишкектин четиндеги Орто-Сай айылындагы көрүстөндө түбөлүк жайга берилген. 2010-жылы доктордук диссертациясын жактап, 2014-жылы профессор болгон. Бектемир Жумабаевдин калеминен 100дөн ашуун илимий жана жамаагаттык макалалар, бир канча китептер жарык көргөн чыгаан окумуштуу болчу.

Элден айланса болот, уучубуз кур эместир, кийинки муундардын арасынан СССР КГБсынын архивин терең иликтеп, генералдын бейнесин ачкан, анын ишмердүүлүгүн кенири чагылдырып берген чыгаан окумуштуулар , иликтөөчүлөр, публицисттер чыгып калаар.

Материалды даярдаган: Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ

Ой чабыт

ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ ...

(башталышы мурунку сандарда)

Бул күндүн сапары да карыды окшойт. Жөтөлгөнгө муштаган болуп биз баягы эле жаштыгыбыздын тайгактуу күндөрүнөн ажырай албагандай амалда элек. Мунун капшагы эмнеде экендигин сезүү кыйын да боло турган. Эс тартып, эңшерилген жашоого өмүрдүн байы талдуу, далбастуу жашоосуна аралашсак да жаштыктын мээге сиңген зарылдуу көрүнүшүнөн арыла алчуудай эмеспиз.

Азизбектин бизге аралашкан бүгүнкү күнүдө анын жүзүнөн ылымылыктын белгиси көрүнүп тургансыды. Анын өңү чарчаңкы эле. Бирок акыркы тыйыныбызгабы, кандай экенин боолгого болбогон ошол шартта баарыбыз эле беркиден бирди тең бөлө тартып жиберген соң дене боюубуз дүүлүгө жылымта тарта баштады. Төрт көчөнүн көркү болгондой саамга дагы таркай албай, бири бирибизди кыюу кыйынга тургансып дагы саамга кармалдык. Ушундайда чечкиндүүлүгүн көрсөткөн Оморбек адатынча башын чулгуду да

-Эй, Товарищи! На сегодня хватит. Домой! "Үйүң барың үйүнө, үйүң жогуң карагандын түбүнө" деди да адатынча шымындагы эки чөнтөгүн аңтара эки капталга кере цирктеги маскарапоздорго окшогон түрүн көрсөттү да кылчайбастан кадамын катуу шилтеп үйүн көздөй жөнөп берди.

Бул саамда негедир Азизбектин кеткиси келбегендиги башкаларга билбейм мага өзгөчө сезилип тургансыды. Ички туюмундагы ой сезимдердин кармашы дайыма жалгыздыкты самайт белем.

Азизбек чынында аригинал инсан. Өзүнчө жанга окшошпогон пейил мүнөзү бар. Аны менен жолукканда терең ойлорго чумгууга туура келчүүдөй өзүнчөлүк бизге табышмак. Азизбекти биз, Коза, Козмич жана Дундук десек да терикчүү эмес. Кайра жазыла жан терисинен маашырлана сыймыктана тургандай мээрим көрсөтчүү. Анын бул мүнөзүн башкаларга кандай баамымда мен зор баалай турганмын.

Жаштыкта эмнелер гана болбоду. Анан калса биздин классташтардын байырлаган шаары кадимки эле Ош боло турган.

Бир ирет мен андагы Фрунзеден жайкы каникулга келип калдым. Оюмда бирге чоңойгон, бирге окуган кыйышпас досторду таап жолугушайын деген ой болчу. Анын үстүнө бири бирибиздин жылдап көрүшпөгөндүктөн сагыныч кумары өзгөчө сезим отторунда жан дүйнөнү бийлегендиги сезилип турду. Мен Азизбектин иштеген жумушунун дайынын жакшы билгендиктен аны буйдалбай эле тез таап алдым.

Ал жатаканасында экен. Адатынча түнкү жумуштан келген окшойт. Менин жаткан бөлмөсүнүн каалгасын бир топко каккылагандан соң аргасыз уйкусуроонун калыбында ачты. Менин келээримди күтпөгөндүгү мага маалым эле. Ал экөөбүз жакшы сыга-сыга кучакташа көрүштүк. Чынында көптөн бери жыл санай көрүшпөгөндүгүбүздүн сагыныч илеби жүзүбүздөн байкалып турганы сезилгенсиди. Айтса айтпаса да жаштыктын демиби, анан калса аскерден келгенден кийинки келбети чулу боюна куп жарашып калган экен. Азизбек чулуулуу боюу пастак келишкен жигит калыбына келген тура деген ой сезимиме кылт дей түштү. Чынында ошондой болуптур. Балтыр эти толуп беттегенин бербеген каардуу мүнөзү анын жүзүнөн көрүнгөнсүдү. Бирок чылымды өтө көп тартчуу болуптур деп ичимден ойлоп койдум. Бул саамдар төрт көчөдөн төртөөбүз бөлүнгөндө сезим кылдарында ойго кылт деди. Бизге Козмич чогулганда кубанычтуу жүрүүнүн чордону эле. Ал биздин балдардын шайыр шатман жүрүүсүнүн жеке каарманы сыйяктанчуу. Дайыма Азизбекти ортого ала азил жүрүш турушубузду койчу эмеспиз. Бейиши болгур раматылык досубуз азил күндөрүбүздүн баардыгын көтөрө билчүү. Анда таарыныч деген ой жанында кымындай да жок болчу. Турмушу да сылаңкы болгон жок. Үйлөнүп бала чакалуу да болду. Эл катары жашоо кору да жөндөлүп баратканда бешенесине пеш тарта тапкан зайыбы да аалам сала берди. Канткен менен жандуунун жанында болсоң да турпатың бөлөк болгон соң, жан күйгүзгөнүң менен кайгысын бүтөгөнгө жамаачы боло албаган соң көкүрөк какканың бей пайда тура.

Андан бери көп жылдар канат сабалады. Азыр да сабалап турат. Аны кыпындай болсо да токтотуп турууга теңирдин да кудрет кубаты жетпөөчүдөй сезилгени сезилген болуп келет. Бирок ички туюмунда санаанын каңылжаар жарган сыздатуусунда адам баласы тушалганын сездирбеске аракет кылуу менен жайдаңдаганынын пайдасы канча. Бирөө келет. Бирөө кетет экен. Сырдуу дүйнөнүн сыбызгысы аалам дүйнөсүнүн чексиздигинин ээси катары эңшерилген жашоо майданында күрөшкөнү күрөшкөн тура. Ушундай ой майданы дайыма мени тузактап келет.

Жаштыктын деми менен Ошто деле классташ дос чарлар үзөңгүлөп көпкө жашап калышкан жок. Аскерден келишкен соң Азизбек, Абдимитал Калбаев,Абдыкерим, Абдимитал Акматов, Асилбек, Сталбек, Жумабай, Кадырбек, Токтогул раматылык биздин арабыздан эрте кетти. Калгандары тийип качканы болбосо калганы он жылдап жаштык доорун өткөрүштү. Негизги жүргөн жерлери Ош базары, Новайи паркы боло турган. Көбүнчө "Комос" кино театрына кино көргөнү барыша турган. Дээрлик баары Оштогу соода техникумунан кесиптик билим алышкан. Азизбек да соода техникумун аяктап соода тармагында, кийин балдар бакчасында чарба башчысы, андан соң менин көмөгүм менен райондук музыкалык мектебинде да чарба башчы кызматында эмгектенди. Анда Калдыбай бейиши болгур да маданият үйүндө авто клуб башчысы кызматын аркалаган эле. Кийин көпчүлүгүбүз Кара-Кулжа айылы райондун борбору болгондуктан Кара-Кулжага жайгашып калдык. Там таш курдук. Бала чаканы эрежеге жеткирүүнүн камында болдук. Бул күндөр да өмүр чынжырына байланган соң анын таттуу деми эч кимибиздин эсибизден чыкпаса керек. Чеп курсаң да токтото албаган сырдуу өмүрдүн санжырасы ушундай боло берет тура. Кара-Кулжадагы күндөр, өмүрдүн бир саамдары баарыбызга бирдей жашоо мазмунун тартуулабаса да өмүрдүн байымдуу купулунда бирге болдук. Менин кесибим журналист болгондуктан райондук гаетада чыгармачыл кызматкер катары үч, төрт жыл эмгектенип калдым. Ушундан улам райондун турмушуна батыл аралашууга туура келди. Бирок өмүрдүн тагдырында бирге сапарлаш болгон классташтарыңдан ынак курбуларды табуу кыйын окшойт. Кара-Кулжада көпчүлүгүбүз байма бай жолугуп жүрдүк. Башка келсе байтал ат болуптур демекчи балалыктан тапкан батыл мүнөздөрүбүзгө баш отубуз менен чыдап теңтушчулуктун тереңинде калып келүүдөбүз...

(уландысы бар)

М. Жуманазаров.

Жетим балдардын жана майыптыгы бар адамдардын укуктары корголот

Кыргыз Республикасынын Президентинин 17.04.2024-жылдагы “Келечекке салым” мамлекеттик балдар депозитин киргизүү жөнүндө Жарлыгына ылайык 2026-жылы 402 тоголок жетим балдарга жеке депозиттик эсеп ачылып, Ош областынын райондук Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктары тарабынан жетим балдардын өнгүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, алардын ден-соолугун, турак жай шарттарын жакшыртууга жана билим алууга укуктарын камсыз кылуу максатында аларга жалпысынан 67 055 397 сом акча каражаты которулган.

Ош областынын прокуратура органдары тарабынан жетим балдарга жана майып адамдарга жөлөк пул, компенсацияларды төлөө жана башка социалдык кепилдиктердин ишке ашырылышы боюнча 2026-жылдын 1-кварталында жалпы 7 текшерүү уюштурулуп, 20 мыйзам бузуучулуктар аныкталып, анын жыйынтыгы менен ченемдик укуктук актыны бузууларды четтетүү жөнүндө 3 сунуштама жана 4 талап кылуу келтирилген. Келтирилген прокурордук актыларды кароонун жыйынтыгы менен 4 кызмат адамдары ар кандай тартиптик жоопкерчиликтерге тартылышып, мамлекеттин эсебине 189 477 сом акча каражаты өндүрүлгөн.

Ош областынын аймагында жашы жете элек балдардын жалпы саны - 565 719, анын ичинен тоголок жетим балдардын саны - 415, жарым жетим балдардын саны 8164 түзөт.

Ош областынын прокуратура органдары тарабынан, 2026-жылдын 1-кварталында жетим балдардын укуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө багыты боюнча 19 текшерүү жүргүзүлүп, анын негизинде 19 мыйзам бузуу аныкталып, ченемдик укуктук актыны бузууларды четтетүү жөнүндө 4 сунуштама, 2 талап кылуу келтирилип, прокурордук актыларды кароонун жыйынтыгы менен турак жайга муктаж болгон (Кара-Суу району 3, Өзгөн району 1, Кара-Кулжа району 1) 5 тоголок жетим балага жер берилип, 2 кызматкер тартиптик жоопкерчиликке тартылган.

Ош областынын прокуратура органдары тарабынан 2025-жылы тоголок жетим балдарга турак жай куруу үчүн берилген жерлерлердин башка адамдардын менчигине мыйзамсыз берилгендигин аныктоо боюнча тандалма жол менен текшерүүлөр жүргүзүлүп, жыйынтыгы менен жерлер тоголок жетим балдардын менчигинде тургандыгы жана мыйзамсыз башка адамдардын менчиктерине өткөрүлбөгөндүгү аныкталган. Андан сырткары, 1-июнь балдарды коргоонун эл аралык күнүнө карата Ош областынын прокуратура органдары тарабынан балдарды колдоого жана алардын укуктарын коргоого багытталган социалдык маанилүү жана кайрымдуулук иш-чаралар өткөрүлүүсү менен майып, тоголок жетим, жетим жана социалдык жактан аялуу жалпы 293 балага (акчалай жана күнүмдүк керектелүүчү буюмдар) материалдык жардам көрсөтүлгөн.

Жетим балдардын жана майыптыгы бар адамдардын укуктарын, кызыкчылыктарын коргоо — прокуратура органдарынын артыкчылыктуу багытарынын бири болгондуктан, бул категориядагы жарандардын мамлекет тарабынан белгиленген социалдык кепилдиктерди толук көлөмдө алуусу боюнча көзөмөл иш-чаралары мындан ары да туруктуу жана чечкиндүү түрдө улантылат.

А.Надиров,
Ош облустук прокуратурасынын мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө жана коррупцияга каршы аракеттенуу бөлүмүнүн прокурору

Айып пулдар толугу менен өндүрүлдү

Транспорттук прокуратурасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Башкы прокурордун тармактык буйруктарында жана көрсөтмөлөрүндө белгиленген милдеттерди жетекчилике алуу менен Укук бузулар жөнүндө кодексинин талаптарынын аткарылышы боюнча жигердүү иштер жүргүзүлгөндүгүн белгилейт.

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2025-жылдын 12-айдын ичинде жогоруда аталган Кодексинин талаптарын аткарууда мамлекеттик кызматты ээлеген же убактылуу ээлеп турган кызматкерлерге көзөмөлгө алынган органдарда текшерүү жүргүзүлгөн. Анын натыйжасында укук бузуулар аныкталган. Текшерүүлөрдүн негизинде Укук Бузуулардын Бирдиктүү Реестри Автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу мамлекеттик кызматты ээлеген тараптарга карата укук бузгандык боюнча 40 өндүрүш иштери козголуп, каштуулугу боюнча шаардык жана райондук сотторуна кароого жөнөтүлгөн. 2025-жылдын 12-айдын ичинде соттук кароонун жыйынтыгы менен 38 күнөөлүү адамдарга карата айып пулдар салынган. Соттук кароодо Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 438-435 беренесинин талаптарына ылайык, санкциясында каралган бардыгы болуп 277000 сом өлчөмдөгү айып пулдар салынган, салынган айып пулдар толугу менен өндүрүлгөн.

Р.Жакыпов,
Кыргыз транспорттук прокурорунун улук жардамчысы.

Жарыялар

Сынак

Кара-Суу районундагы Баш-Булак айыл аймагы төмөндөгү «Өнөр жайынын, транспорттун, энергетиканын, байланыштын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясындагы муниципалдык жер аянттарына ачык сынак жарыялайт.

1. Лот № 1

Баш-Булак айылынын интернационал участкасында жайгашкан магазиндин орду 630кв.м. Баштапкы ижара акысы 30000(Отуз миң) сом жылына.Кепилдик төлөм 3000 сом

2. Лот № 2

№429-контур 0,10 га

Баш-Булак айылынын Долоно участкасында жайгашкан кой короонун орду 0,10га аянттын баштапкы ижара акысы 48000(кырк сегиз мин) сом жылына. Кепилдик төлөм 4800 сом.

3. Лот № 3

№240-контур 500кв.м

Баш-Булак айылынын У.Шамурзаев көчөсүндө жайгашкан 500кв.м аянттын баштапкы ижара акысы 42000(кырк сегиз мин) сом жылына. Кепилдик төлөм 4200 сом.

4. Лот № 2

№197-контур 500кв.м.

Баш-Булак айылынын У.Шамурзаев көчөсүндө жайгашкан 500кв.м аянттын баштапкы ижара акысы 42000(кырк сегиз мин) сом жылына. Кепилдик төлөм 4200 сом.

5. Лот № 2

№197-контур 500кв.м.

Баш-Булак айыл аймагынын Сөөк завод участогунда жайгашкан өндүрүштүк 4,42 аянттын баштапкы ижара акысы 120000(Бир жүз жыйырма мин) сом жылына. Кепилдик төлөм 12000 сом.

Конкурстун шарттары

1. Арыз(өздүгүн аныктаган документ-,юридикалык жактарга каттоо күбөлүгүнөн көчүрмө)

2.Ишкананын долбоорун даярдап сунуштоо (эскиздик проект).

3.Ишкананы курууга карата каражаттын(долбоордун наркынын) көлөмү.

4. Жаңы технологиялар.

5.Иш тажрыйбасы.

6.Кадрлардын камсыздалышы.

Конкурс - май күнү сатт 10 до Баш-Булак айыл өкмөтүнүн жыйындар залында өткөрүлөт. Байланыш тел. 0556 222 305, 0755 009 366 , 0558 755 705.

ххх

Акционер чогулушу болуп өткөндүгүн кабарлайт.

«Карасуу-Дан-Азык» ачык акционердик коомун акционерлеринин 2026-жылдын 23-май күнүндө болгон жылдык жалпы чогулушунда кабыл алынган чечимдерди жарыялайт:

Жыйналыштын кворуму – 92,90%, 5 акционер 2 523 445 добуш менен катышты.

Төмөндөгү чечимдер кабыл алынды:

1. Эсептөө комиссиясы төмөнкү курамда шайлансын – Сулайманова Ч.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын ичинен.

2. Башкармалыктын төрагасынын 2025-жылдагы финансылык-чарбалык ишмердигинин натыйжалары бекитилсин.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын ичинен.

3. Текшерүү комиссиясынын 2025-жылдагы ишмердикти текшерүүсү жана көз карандысыз аудиттин корутундусу бекитилсин.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын ичинен.

4. Акционердик коомдун 2025-жылдагы балансы, кирешe жана чыгаша эсеби бекитилсин.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын эсебинен.

5. Акционердик коомдун 2025-жылдагы пайдасын бөлүп берүү жагы бекитилсин.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын эсебинен.

6. Акционердик коомдун 2026-жылга карата жылдык бюджети бекитилсин.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын ичинен.

7. Акционердик коомдун жетекчилиги менен көз карандысыз аудит менен 2026-жылга карата келишим түзүү жана анын сый акысы жөнүндө.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын ичинен. Акы төлөө келишимдин негизинде.

8. Акционерлик коомдун Уставына өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү боюнча.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын ичинен.

9. Акционердик коомдун Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын ичинен.

10. Акционердик коомдун Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн шайлоо.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын ичинен.

11. Акционердик коомубузга тиешелүү болгон тегирменди жана элеваторду реконструкция жасоо.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын эсебинен.

12. Акционердик коомубузга тиешелүү болгон негизги каражаттарды сатуу жана жокко чыгаруу (списание) жөнүндө.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын эсебинен.

13. Акционердик коомдун мүлкүн жана акча каражаттарын банкалык ишенимге алуу үчүн банкка күрөөгө коюу үчүн аткаруу органына макулдук берилсин.

Макул 2 523 445 добуш берилди, 100% катышкандардын ичинен.

Акционердик коомдун жалпы чогулушунун материалдары менен төмөнкү даректен таанышууга болот: Кара-Суу шаары, Ленин көчөсү №1, байланыш телефону – 03232-5-31-74.

Жараксыз деп табылсын.

2013-жылы ОшМУ тарабынан Тобокалов Нурболот Тобокаловичке берилген СД № 130158334 каттоо № 5251 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2011-жылы ОшМУ тарабынан Жумабаева Монускан Тобакаловнага берилген СД № 110018587 каттоо № 3394 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

2021-жылы ОшТУ тарабынан Хасанов Азизилло Нематовичге берилген дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Б. Ысакова

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 705
Нускасы: 2000

Адабияттагы алакандай аңгемелер

Жаш калемгер Каухар Биймамат кызы кыска форматтагы чыгармалары аркылуу турмуш чындыгын, коомдук көйгөйлөрүн жана адам аң сезимин таамай берүүгө аракет кылып, жаңыдан чыгып келе жаткан жаш жазмакер. Анын чакан чыгармаларында көлөмдүү тексте эмес, ойдун салмагынан жаралган таасир жатат. Анда ар бир сүйлөм окурманга даяр жыйынтык сунуштабайт, тескерисинче, ой калтырып, анын уландысын ар кимдин өз аң-сезиминде улоого мүмкүнчүлүк берет.



Адабият тарыхында аз сөз менен ааламдык ой айтуунун үлгүсү катары Эрнест Хемингуэйдин: «Кичи баланын бут кийими сатылат. Кийилбеген» деген чыгармасын айтууга болот. Мында болгону бир сүйлөмдөн турган текст окурманды терең ойго салып, бүтүндөй бир тагдырды элестетүүгө түртөт. Дал ушундай ыкма – аз сөзгө чоң маани сыйдыруу – бүгүнкү адабиятта да өз ордун жоготкон жок.

Турмуштун майда көрүнгөн көрүнүштөрүнөн чоң маанини издеген мындай чыгармалар азыркы окурмандар үчүн өтө кызыктуу. Анткени кээде бүтүндөй бир роман айтып бере албаган ойду бир нече сап менен жеткирүүгө болот. Бул өзүнчө ыкма, өзгөчө жанр. Төмөндө сиздерге Кара-Кулжа районунун Ой-Тал айылынын тургуну, жаш автор Каухар Биймамат кызынын алакандай аңгемелерине назарыңыздарды бурабыз.

МИНИАТЮРА

Канчалык аракет кылып бактылуу көз ирмемдерди унутпоо үчүн, күндөлүк дептерине жазайын десе да, анын эсине унуткусу келген нерселер түшө берет.

ЧОҢ ИЙГИЛИК

Электр жарыгы жок, чырак менен отурган үйдүн чырагы катуу шамалдан өчүп калды. Катуу шамал түнөргөн булуттарды айдап, айды көрсөттү.

ТАЗА ШААР

Шаарда болуп жаткан "тумоо бучкакты" тазаланбаган таштандыдан көрүштү. Бүт таштандыларды тазалап, өртөштү. Кирдеген абанын астында таштандысы жок "таза шаар" уктап жатты.

САПАТСЫЗ ЖУМУШ

Жаңы курулуп, чатыры жабылган үйдүн чатырын, шамал учуруп "балакет баскыр шамал" аябай чыгым келтирди.

ТАЛКАЛОО

Туристтердин коопсуздугу үчүн, салттуу ыкма менен курулган көпүрөнү бузуп, ордуна коопсуз, кенен, чоң көпүрө салышты. Ошондон кийин көпүрөнү көрүү үчүн туристтер келбей калышты.

ЗАМАНБАП ЖАШОО

- Коомдон артта калбоо үчүн эмне кылуу керек?, – деп социалдык тармакты активтүү иш алып барган, жетимиштен өткөн чоң энесине суроо салды.

- Жаан жааса да, күн бүркөлсө да, кечке күндү карап өсүп, күзүндө мол түшүм берген "күн карама" болушуң керек, – деди чоң энеси.

СҮЙКҮМ ЭЛЕС

Бешик бөктөрүп, бала өңөргөн кымыз жыттуу жеңесинин оруканага түшүп калганын угуп, ага барды. Ооруканандын керебетине бөктөрүлүп, дары жыттанып жаткандын көрүп, жашын чыгара албай ыйлады.

БИЗНЕСМЕН

Тоодо, түздө өзү жалгыз эс алып жүргөндө эч коркпойт. Качан эки кабат хан сарай үйүнө же көп кабатуу үйдөгү элитка батирине келгенде, өзүнүн жаны жана мал мүлкү үчүн адамдардан коркот.

БАКТЫЛУУ АДАМ

- Халед... ушул жерде өлүп калабызбы?

- Эмне, өлгөндөн коркуп атасыңбы?, – Ал катарлаш жаткан, оорулуу палаталаш адамга кайдыгер жооп берди.

- Сөөгүм өзүмдүн Ала-Тоомо, мекениме барса экен дейим, – үнү каргылдана чыкты.

- Биздин Каирде жер абдан тартыш, бул жакта тапкан акчам менен, ал жакка барып батир сатып алышым мүмкүн, бирок көмгөнгө жер сатып ала албайм. Өзүм өлсөм бул жакка көмгүлө деп, эбак акча төлөп койгом. Саздак токой болсо деле токойлуу Сибирдин бир жерине коюлса мен бактылуумун.

КҮТҮҮЧҮ

Ал өмүр бою "дагы бир аз" деди.
Дагы бир аз убакыт.
Дагы бир аз акча.
Дагы бир аз бакыт.
Өмүрү "дагы бир аз" болуп өттү.

Келечекке кадам

Мектепти капиталдык ремонттон өткөрүп, материалдык жактан камсыздашты. Билим берүүнүн багыты, руханий абал ошол бойдон калды.

СЕЛСАЯК

Жаңгак таап алып, чагып жеп, кабыгын ыргытып жатып: «мен да ушул сыяктуу коомдон ыргытылганмын да», – деп ойлонду.

ТУРУКТУУ АРАКЕТ

Бала кезинде ташка тамып жаткан тамчыны көрүп күлүп кеткен эле.

Жылдар өтүп, ошол жерге кайра жолу түштү. Тамчы ташты тешип койгонун көрдү.

ЖАШОО НАРКЫ

Төрөтканадан аялын чыгармакка гүл дүкөндүн жанынан телефон чалды:

- Алоо кайсы гүлдү жактырасың?

- Гүлдү эмне кыласың?!. Андан көрө ошол акчага балага жалаяк алабыз.

ҮШКҮРҮК

Ар дайым адамдарды тамашалап, күлдүрүп, шайыр жүрчүү досунун ооруканага түшүп калганын угуп, ага барды. Ал жай сурашып бүткөн соң:

- Э-э, досум, эмне тиргилик менен жүрөсүң?, – деди оорулуу досу.

- Э-э, баягы, үй салам деп алган жети сотых жеримдин документи бүтпөй, ошо менен убараланып жүрөм, – деди.

- А-а, мен болсо ..., эки метр жер алам десе, ага барбаштын убарасы менен ооруканада жүрөм, – деди үшкүрүп.

Китепке пикир

РУХАНИЙ БАЙЛЫКТЫН ТӨРҮНДӨГҮ ЫР ДҮЙНӨ

Кыргыз поэзиясынын айдыңына өзүнүн кайталангыс үнү, назик сезими жана турмуштук терең соккусу менен кирген калемгер Мырзайым Маматумарованын «Бакытым да, байлыгым да — бул ырларым» аталыштагы экинчи китебинин жарык көрүшү — жалпы адабият күйөрмандары үчүн чоң жаңылык жана руханий саамалык болду. Бул жыйнак — автордун чыгармачылык жолундагы олуттуу кадамы гана эмес, көп жылдык изденүүсүнүн жемиши, окурман жүрөгү менен болгон ишенимдүү маектин алтын көпүрөсү.

«Кээ бирөөлөр үчүн байлык — бул малмүлк болсо, калемгер үчүн эң чоң дөөлөт — анын жан дүйнөсүнөн сызылып чыккан ыр саптары». Китептин мындай аталышы автордун бүтүндөй чыгармачылык философиясын, анын руханий дүйнөсү материалдык баалуулуктардан бийик турарын айгинелеп турат.

Эмгек менен такталган тагдыр, ыр менен өрүлгөн өмүр

Ар бир акындын ырлары анын басып өткөн өмүр жолунан, тагдырынан тамыр алат. Мырзайым Маматумарова 1960-жылы 21-августта Өзгөн районунун Салам-Алик айылында туулган. Жаштыгы эмгек менен чыңалып, Жалал-Абаддагы №1 кесиптик-техникалык окуу жайын механизация адистиги боюнча бүтүргөн. Чыныгы кыргыз аялзатына мүнөздүү өжөрлүк, кайраттуулук менен эмгек жолун совхоздо трактор чу болуп иштөөдөн баштаган. Мына ушул кара жердин касиетин сезип, соко кармаган колдордун бүгүн назик ыр саптарын жаратып жатышы — өзүнчө бир өзгөчөлүк катары баалуу.

Бүгүнкү күндө ал өмүрлүк жолдошу Жаныбек Осмонов экөө 2 уул, 3 кызды тарбиялап, небере-чеберелердин сыймыктуу чоң энеси, таенеси жана үлгүлүү эне. Турмуштун ысык-суугун көрүп, үй-бүлө очогун тутантып келген акындын токтоо мүнөзү анын ырларындагы философиялык терендик менен айкалышкан.



Назиктик менен курчтуктун айкалышы

Биринчи китеби менен адабият босогосун ишенимдүү аттаган автор, бул экинчи жыйнагында калемин бир топ курчутканы байкалат. Анын ырларынын негизги өзөгүн өзгөчө бир аялдык назиктик түзсө, ошол эле учурда турмуштун ачуу чындыгын түз айткан курчтук, тайманбастык мүнөздүү.

Жыйнакты баракталган ар бир окурман миң кырдуу темаларга саякаттайт. Анда адамдык бийик сапаттар: жашоонун ак-карасын ажыратуу, улуулукту улуктоо, Мекенге болгон чексиз сагыныч: туулган жердин — Салам-Аликтин топурагына, суусуна болгон кусалык, Махабаттын миң кырдуу сырлары: жаштыктын жалындуу сезимдери жана өмүрлөшкө болгон туруктуулук, Энелик мээрим: аял затына гана мүнөздүү назик сезимталдык бар.

Ыр — акындын тагдыры

Мырзайым Маматумарова үчүн ыр жазуу — жөн гана убакыт өткөрүүчү эрмек эмес. Бул — анын жашоосунун маңызы. Кубанганда сүйүнүчүн бөлүшкөн, каңырыгы түтөгөндө арыз-муңун айткан сырдашы. Китептеги ар бир ыр — жөн гана уйкаштык эмес, бул жан дүйнөнүн толкундануусу, турмуштук тажрыйбанын сабактары жана келечекке болгон үмүттүн шооласы. Калемгер кыргыз поэзиясынын тилинде абдан таза, жасалмасыз жана түз жүрөккө жеткире сүйлөй билет.

Автордун жаңы китеби кут болсун! Эч качан калеми мокобой, кыргыз поэзиясынын төрүнөн татыктуу орун алып, «байлыгы» болгон ырлары кылымдар бою окурмандардын жүрөгүндө жашай берсин демекчибиз.

А.МАТИЕВА.

БАЛДАРЫМ

«Апоов» - дейт уулум мени карап алып,
Сиз жокто эмнегедир үй жылыбайт.
Мешке бүт отун, көңдү калап алып,
Жаксак да суу кайнабай жай чымырайт.

«Апоов» - дейт кызым мени бек кучактап,
Сиз жокто үй караңгы, жарык чачпай.
Эркелеп экиленет ал бышактап,
Эрте эле келиңизчи жатып калбай.

Уулум ай кагылайын жаным менин,
Жүрөгүн элжиреттиң апакеңдин.
Силерге жылуулукту берип турган,
Эненин баласына төккөн мээрим.

Кызым ай айланайын эркем менин,
Кара көзү өзүң го апакеңин.
Силерге жарык шоола чачып турган,
Жалындап бала үчүн күйгөн сезим.

ЖАШОО БУЛ КҮРӨШ

Жашоодо баары болот өкүнбөгүн,
Жинденип кыйындыкта өкүрбөгүн.
Өзүңдү сабыр менен бекем кармап,
Өмүрдө өрт сезимиң өчүрбөгүн.

Сүйгөнүң таштап кетсе ыйлабагын,
Сыгылып ары бери туйлабагын.
Сага эмес ал башкага буюруптур,
Салбырап сезиминди кыйнабагын.

Жаманга жаман сүйлөп теңелбегин,
Жайнаган жакшылар көп тегерегиң.
Жараткан теңдеп коёт капаланба,
Жамандан алыс болуп, кенебегин.

Тагдырдан кача албайсың, мөңкүп туйлап,
Там берип баш ийесиң анан чындап.
Кубаныч, кайгы экөө эгиз дешет,
Кайрадан ырыс келет бир аз кыйнап.

Бирөөнө сонун күндөр жазып коёт,
Балкытып жолдорун да ачып коёт.
Аны да текеберсиз көтөрө бил,
Антпесе аны кайра алып коёт.

Тим эле айта берсең сырлары көп,
Тозогунан а бирок жыргалы көп.
Татыктуу өмүр сүрүү кандай сонун,
Турмуштун кубандырган кырлары көп.